MEGACOM
Жаңы мүмкүнчүлүктөр убактысы!
Время новых возможностей!

# "КИЙИН ТӨЛӨНҮҮЧҮ РОУМИНГ"/" КИЙИН ТӨЛӨНҮҮЧҮ ИНТЕРНЕТ РОУМИНГ" КЫЗМАТТАРЫН КОШУУГА АРЫЗ

_______________________________________
(Абоненттин аты-жөнү/Мекеменин аталышы)

Моб. № ______________________________
Байланыш №__________________________
Жеке эсеп № _________________________

*Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгуума байланыштуу*

______________________________________________________________________
_____________________________________________ *мобилдик номуруна (номурларына):*

- ☐ *"Кийин төлөнүүчү Роуминг"*
- ☐ *«Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг»*

*кызматын кошууну суранам.*

**MegaCom байланыш оператору тарабынан "Кийин төлөнүүчү Роуминг" жана "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматтарын көрсөтүү шарттары**

1. MegaCom байланыш оператору (мындан ары – Оператор) "Кийин төлөнүүчү Роуминг"/ "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматтарын кошуу жөнүндөгү ушул Арыз Абонент тарабынан толтурулуп, кол коюлгандан кийин Абонентке "Кийин төлөнүүчү Роуминг"/ "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматтарын көрсөтө баштайт.

2. "Кийин төлөнүүчү Роуминг"/ "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматтарынан колдонгон учурдагы роумингдик чалуулар жана маалымат жиберүү (интернет) боюнча эсептөөлөр:

2.1. Абонент чалууларды/маалымат жиберүүнү аткарган жана кабыл алган күндөн тарта 1ден 65ке чейинки календардык күндүн ичинде Оператор Абонент тейленген чет өлкөлүк байланыш операторлорунан (роумингдеги өнөктөштөр) биллинг файлдарын алгандан кийин Оператор тарабынан Абоненттин эсебине киргизилиши мүмкүн.

2.2. Абоненттин жеке эсебинин калдык балансында 500 (беш жүз) сом жана андан аз каражат калган учурда Оператор техникалык жана башка себептер боюнча "Кийин төлөнүүчү Роуминг"/"Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" активдүү кызматтарын өчүрбөй коюуга укуктуу. Кардардын эсебинде 2 же андан ашык абоненттик номур катталган учурда 500 (беш жүз) сом өлчөмүндөгү минималдуу калдык баланс ар бир абонентке эсептелинет.

2.3. "Кийин төлөнүүчү Роуминг"/ "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматын кошуу чеги 1000 (бир миң) сом. Эгерде кардардын эсебинде 2 же андан ашык абоненттик номур катталган учурда, көрсөтүлгөн кошуу чеги ар бир абонентке эсептелинет.

2.4. Эсептешүүнүн алдын ала төлөнүүчү системасы боюнча "Роуминг" кызматын кошууда Абонентте "Кийин төлөнүүчү Роуминг" жана "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматы өчүрүлөт.

2.5. "Кийин төлөнүүчү Роуминг" жана "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматтарын кошууда Абонентте алдын ала төлөнүүчү системасы менен "Роуминг" кызматы өчүрүлөт.

2.6. "Кийин төлөнүүчү Роуминг" жана "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматтарын кошууда Оператордун үй тармагында аракетте болгон, байланыш кызматтарына арзандатуулары менен учурда кошулган тарифтик опциялар, топтомдор жана кызматтар роумингдеги өнөктөштүн тармагында болгон учурда жеткиликтүү болбойт, бирок абоненттик төлөм эсептеле берет. Абонент үй тармагында болгон учурда аракеттеги тарифтик опциялардагы, топтомдордогу жана кызматтардагы арзандатууларга чектөө коюлбайт.

2.7. "Кийин төлөнүүчү Роуминг" кызматын кошууда Абонентке роумингдеги өнөктөштүн тармагында премиум же кыска IVR-номурларга чалуу аткаруу жана премиум/кыска номурларга SMS-билдирүү жөнөтүү жеткиликтүү болбойт же аталган аракеттерге чектөө коюлат.

3. Абонент жазуу түрүндө талап кылган учурда Оператор Абоненттин роумингдеги чалууларынын деталдоосун, б.а. номурларды көрсөтүү менен чыккан чалуулардын саны жана хронометражы тууралуу маалыматты; кирген чалуулардын санын жана хронометражын чалган абоненттин номурун көрсөтпөстөн, мүмкүн болушунча транзиттик номурларды көрсөтүү менен кирген/чыккан SMS-билдирүүлөрдүн санын жана хронометражын; алынган суммардык трафикти белгилөө менен Интернет трафиктин деталдоосун (жүктөлгөн трафиктин көлөмү) берүүгө милдеттүү.

4. Үн чалуулар мүнөтүнө тарифтелет. Узактыгы 3 секундадан аз болгон кирген чалуулар тарифтелбейт. Үн чалуу аткаруу маалында чакырылган тарапта автожоопбергич/автомаалымдагыч/факс жана маалымат жиберүү/үн почта же башка жабдуу иштесе, чалуу багыт боюнча роумингде чыккан чалуу катары тарифтелет.

5. Кыргызстандын чек ара аймактарында Сиздин телефон чет өлкөлүк оператордун каптоо аймагына кирип, анын тармагында автоматтык түрдө катталышы мүмкүн. Автоматтык түрдө каттоону алдын алуу максатында MegaCom тармагын кол менен тандоо режимин орнотуу, "Роумингде маалымат жиберүү" (Android/IOS телефонунун операциялык системасына жараша айырмаланышы мүмкүн) шартын өчүрүү жана телефондо чагылдырылган оператордун аталышын көзөмөлдөө сунушталат. Роумингдеги өнөктөштүн тармагында автоматтык түрдө катталууда, АТК (алдын ала төлөм картасы) аркылуу балансты толуктоодон жана балансты текшерүүдөн тышкары, Оператордун кызматына чалуулар жана/же USSD/SMS-сурамдар роуминг-өнөктөштүн конок тармагында роумингде аткарылган чалуулар катары тарифтелиши мүмкүн.

6. "Кийин төлөнүүчү Роуминг"/ "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматтарынан колдонуу үчүн төлөмдүн өлчөмүн аныктоодо чет өлкөлүк байланыш операторлорунун тармактарында Абоненттин кирген жана чыккан чалууларын туташтыруунун узактыгы (4-п.кошпогондо) кошулуунун биринчи секундасынан тарта эсептелет. Чалуу кабыл алуучу абоненттин же жабдуунун жооп сигналы, чалуу аткарган же чалууну кабыл алуучу абонент же жабдуу тарабынан токтотулганга чейин, Абонент тарабынан аткарылган толук кандуу кирген/чыккан чалууга барабар болот.

7. Абонентке көрсөтүлүүчү "Кийин төлөнүүчү Роуминг"/ "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматтарынын сапаты көчмө радиотелефон байланышынын радио толкундарынын таралуусунун табигый, жана да ландшафттык жана техникалык шарттарына же жергиликтүү рельефтик жана курулуш өзгөчөлүктөрүнө, метеорологиялык шарттарга жана башка себептерге байланыштуу имараттардын жанында, туннелдерде, имараттардын астында (жертөлө) жана башка жер астындагы курулмаларда начарлап, тоскоолдуктар менен коштолушу мүмкүн, мындан тышкары түйүндүн конструктивдик жана техникалык өзгөчөлүктөрүнө жараша жергиликтүү (өткөргүч телефондук линияларынын), эл аралык жана шаар аралык, жана да чет өлкөлүк мобилдик байланыш операторлорунун жабдууларынын сапатынан түздөн-түз көз каранды жана Оператордун компетенциясына кирбейт.

8. "Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматын пайдаланууда Абоненттин телефондук аппаратында (APN) INTERNET кошулуу чекити өзгөртүүсүз калат.

9. Роуминг кызматын көрсөтүүдө абонентти байланыштыруу аракети үчүн айрым роумингдеги өнөктөштөр тарабынан MegaCom операторуна кошумча төлөм эсептеле тургандыгы тууралуу абонентке маалымдалган. Ошондуктан абонент роумингде жүргөн учурда аткарылган чалуунун ийгиликтүү же ийгиликсиз болгондугунан көз карандысыз, MegaCom оператору байланыштыруу аракети үчүн белгиленген төлөмдү абонентке кошуп эсептөө укугуна ээ. Убакытты эсептөө абонент тарабынан байланышуу үчүн буйруу жөнөтүлгөн учурдан тарта жүргүзүлө баштайт.

10. "Кийин төлөнүүчү Роуминг"/"Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматтарын көрсөтүүнүн шарттары, роумингдеги өнөктөштөрдүн тизмеси, өчүрүү чегинин суммасы, тарифтер жана роуминг кызматынан пайдалануу жөнүндө толук маалыматтарды кызматтарды кошуп жаткан учурда, жана да www.megacom.kg MegaCom сайтындагы "Роуминг" бөлүмүнөн жана Оператордун күнү-түнү кызмат көрсөтүүчү *500 номуруру боюнча алууга болот.

*Жогоруда мен тараптан белгиленген абоненттик номур (номурлар) боюнча көрсөтүлгөн "Кийин төлөнүүчү Роуминг"/"Кийин төлөнүүчү Интернет Роуминг" кызматтары үчүн карыз пайда болгон учурда, карыздын пайда болгон убактысынан көз карандысыз, карыздын суммасын Оператордун биринчи талабы боюнча толук көлөмдө төлөп берүүгө милдеттенем.*

______________________________ Аты-жөнү (МО)

______________________________ Колу

ЗАО "АЛЬФА ТЕЛЕКОМ" ЦПО
Вход. №____________________
"____" ____________ 20____г.ж.
ИНН 00406200910056

______________________________
*Компания өкүлүнүн колу*